**С. Исмаилов атындагы орто мектебинин 2019-2020- окуу жылындагы социалдык педагогунун аткарган иштери боюнча жылдык отчету.**

1.Соц педагогдун жумалык.айлык. жылдык пландары бектилип, ошонун негизинде иштер аткарыды.

2. Мектепте "Жашы жетелектердин эрте турмушка чыгууга каршыбыз" деген темада кыздар кеңеши өткөрүлдү.

3..”Биз зордук- зомбулукка каршыбыз” деген темада 9-10-11- класстар арасында тегерек стол өткөрүлдү. “ Кыз ала качуу салтпы же кылмышпы” деген суроонун үстүндө талкуу жүргүзүлдү.

4.11- класстардын кыздары менен “ Келечек ар кимдин өз колунда “ деген темада баарлашуу өткөрүлдү.

5.Үй- бүлөлүк зордук- зомбулукту, эрте никеге туруунуну алдын алуу боюнча 9-10-11- класстарга” Биз зордук- зомбулукка каршыбыз” деген темада тегерек стол өтүлдү.Класс жетекчилер тарабынан тарбиялык сааттар өтүлдү.

6.10.11-10-9- класстардын окуучулары менен “ Эрте турмушка чыгуу кыздардын келечегине балта чабат” деген темада дебат өтүлдү. Жашы жете элек балдарга карата үй-бүлөлүк зомбулук, ырайымсыз мамиле жасоо иштерин алдын алуу боюнча жылдык жана айлык план түзүлүп, бекитилген..

7.Өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту, суцидди алдын алуу боюнча иш пландар түзүлүп, бекитилген.

8. Ата- энелер жыйналышында, азыркы учурда, өлкөбүздө балдарга карата ырайымсыз мамиле, зордук- зомбулук өз ата- энеси тарабынан да болуп жатканын, өзгөчө миграниттын балдары жабыр тартып жатканы баса белгиленди, алар жакын туугандарына таштап кетишет, бирок ошол ишенип кеткен адамдарынан зордук- зомбулуктун түрлөрү жасалып, балдардын укугу тебеленип жатканы айтылды. Ата- энелерге түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Айылдын соц кызматкери Г. Асаналиева тарабынан миграниттын балдарына камкорчулук алуу керектигин ата- энелерге түшүндүрүлдү.

9. Энелер мектеби прогаммасы боюнча сабак- тренинг башталгыч класстардын ата- энелерине өткөрүлдү. Үйдөн балага кандай мамиле кылыш керек, сабактарына кантип жардам бериш керек, бала дайыма ата- энеси менен бирге болуу керектиги айтылып, эненин мээрими чексиз бала үчүн, балдарга туура тарбия берүү керектиги баса белгиленип, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

10. Класс жетекчилер, предметтик мугалимдерге окуучуларга жакшы мамиле кылуу, эч качан кемсинткен сөздөрдү айтпоо, ата- тегине асылбоо , зордук- зомбулуктун түрлөрү жөнүндө , өзгөчө эмоционалдык түрү жөнүндө түшүндүрүлдү. Мисалы окуучуну акырая кароо, колу менен зекүү,чымчуу, ар кандай сөздөр менен урушуу, ж.б.

11.Окуучулар арасында бири-бирине зордук- зомбулукту алдын алуу боюнча 5-11- класстарга Зомбулуктун формалары деген темада лекция окулду .Класс жетекчилер тарабынан тарбиялык сааттар өтүлдү.

12. Мектепте Ишеним кутучасынын жобосу иштелип чыгып, ай сайын комиссия тарабынан каралат. Ал каттар боюнча иш алып барылат, ананимдүүлүк сакталат.

13. Үй- бүлөлүк- зордук зомбулук боюнча стенд чыгарылып, көрүнөө жерге илинди. 1.Кылмыштуулукту, зордук- зомбулукту алдын алуу боюнча 8-11- класстарга окуучунун укугу жана милдеттери жөнүндө аңгемелешүү жүргүзүлдү.

14.«.СПИД- кылым коркунучу» деген темада 8-11- класстардын окуучулары менен бирдикте тегерек стол өткөрүлдү. Жат жазуу, анкетлар алынды,стенд газеталар чыгарылды.

15. Майыптар күнү белгиленди.« Баладан- балага » аттуу акция уюштурулуп, «Биз биргебиз» сүрөт конкурсу, дилбаян конкурстары өткөрүлдү.

16.Коомго туура эмес көз караштагы диний уюмдар формалдуу эмес жаштардын бирикмелери тууралуу маалымат берилип жана видеолорду көргөзүлүп, талкуу жүргүзүлдү.

17. 1. Үй- бүлөдөгү зомбулуктан балдарды социалдык- укуктук жактан коргоо маселелери жана гендердик теңчилик боюнча класс жетекчилер

менен маалымат кеңешмеси өткөрүлдү. Мында ар бир класстагы социалдык жактан көйгөйү бар окуучулар менен жакындан иш алып барылып ,ата- энеси менен сүйлөшүлөп, үй- шартын байкап, үйлөрү кыдырылды.

18. Мектепте психологиялык кызматты активдештирүү. Ишеним кутучасынын ишин күчөтүлдү.

19. Жайсыз үй-бүлөлөр банкын жаңыланды.

20. 9-10-11- класстын окуучуларына Адам укугу жөнүндө слайд көрсөтүлүп, Балдардын укугу жөнүндө Конвенцияны жалпылап жана алардын укуктары , милдеттери жөнүндө сүйлөшүлүп, талкуу жүргүзүлдү.Бул боюнча стенд көрүнөө жерге илинди.

21. Ата-энелерге Зомбулук деген эмне жана анын кандай формалары бар темада сабак- тренинг өтүлдү.Максаты үй-бүлөдөгү жагымдуу микро климаты түзүү.

22. Медициналык кароо уюштурулду. Оорулар боюнча маалымат бланкасы толтурулду.

23. Кыздардын эрте турмушка чыгуусун алдын алуу максатында Кыздардын укугун коргойбуз деген темада кыздар кеңеши өтүлдү.

24. 2- класстын окуучусу Эсенбек уулу Рамазандын үйдөн ата- энеси менен пикир келишпөөчүлүк болуп жаткандыктан, бул боюнча изилдөө жүргүзүлүп, ата- энесине түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.Балага да коопсуздук иш чаралары көрүлдү.

25. 5а- 3а- класстын окуучулары Дүйшөнов Акылбек, Дүйшөнов Актандардын ден соолугунда өзгөрүүлөр болуп, сабакка толук кандуу катыша албай жатканынан улам, ата- энеси, сабак берген мугалимдери менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү. Балдардан байкоо жүргүзүү анкетасы алынды.Булар боюнча папка ачылып, иш жүргүзүлдү.

26.Соц. паспортторго толуктоолр киргизилди.

27.Окууга тартылбай калган балдарды аныктоодо айылдын тургуну Макенжанов Асек чет өлкөгө кеткен кызынын 2- класс окуй турган кызын окутпай жатканы билинип, соц. кызматкер Г. Асаналиева менен бирдикте иш алып барылып, кыз Кочкордогу И. Арабаев мектебинин даярдоо классына киргизилди.

28.Башталгыч класстардын ысык тамагына дайым көзөмөл жүргүзүлүп, иш кагаздарына кол коюлуп, ашпозчулардын дени сактыгы текшерилип, турулду. Окуучуларга колдорун таза жууп, туура тамактануунун эрежелери түшүндүрүлүп, келинди.

29. Сарык оорусун алдын алуу боюнча ашканадагы идиш- аяктар, буюмдар. ашкананын залы хлорлонуп, жуулду .Ашканага сарык боюнча маалымат илинди.

30.Социалдык жетим Каныбек уулу Айтеңир, Каныбек уулу Алихандардын окуусунан начарлап кеткендиктери класс жетекчилер тарабынан билдирилип, бул боюнча балдардын апасы менен сүйлөшүлдү.

31. Ички жана тышкы мигранттын балдарына убактылуу камкорчу болуу керектиги ата- энелерге билдирилди, бул боюнча социалдык өнүктүрүү башкармалыгына жиберилди.

32. Коронвирус оорусуна байланыштуу карантин убагында окуучуларга онлайн түрүндө зордук зомбулукту алдын алуу боюнча сабактар. Видеолор жиберилип турулду.

33. 2-класстын окуучусу Эсенбек уулу Рамазанга,1-3- класста окуган Бейшеевдерге материалдык жардам түрүндө эки уюлдук телефон спонсор тарабынан белекке берилди. Бул окуучулар жөнөкөй телефон менен сабак окууда кыйналып жатышкан.

34. 9-11- класстын окуучуларына кесип тандоо боюнча маалымат берилди.

Соц педагог: Ч. Токтосейитова